DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



*Курманкулов Ш.Ж., Маматова Ү.А., Сатаева Л.А.*

# ИННОВАЦИЯЛЫК ЫКМАЛАРДЫ САЛТТУУ ОКУТУУ ЫКМАЛАРЫ МЕНЕН АЙКАЛЫШТЫРУУ МАСЕЛЕСИ

*Курманкулов Ш.Ж., Маматова У.А., Сатаева Л.А.*

# ИННОВАЦИОННЫЕ ПОДХОДЫ К СОЧЕТАНИЮ С ТРАДИЦИОННЫМИ МЕТОДАМИ ОБУЧЕНИЯ

*Sh.Zh. Kurmankulov, U.A. Mamatova, L.A. Sataeva*

# INNOVATIVE APPROACHES TO COMBINING WITH TRADITIONAL TEACHING METHODS

*УДК: 372.853. (575.2)(043.3)*

*Кыргыз Республикасынын Өкмөтү мугалимдердин иш аракетин колдоону жакшыртып бара жаткан учуру, аны менен мугалимдердин иш аракетине берген баасында, өлкөбүздүн келечеги мугалимдердин кесипкөйлүгүнөн түздөнтүз көз каранды экендиги белгиленген. Бул макалада сапаттуу билим берүү мугалимдердин ар кандай жаңы жана эски окутуу технологиясын өздөштүрө билгендигинен көз каранды болушун көрсөткөн. Ошондой эле жаңы мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык окутуунун багытындагы кадамдардын босогосун жана окутуунун рычагын же ачкычын аныктап алууга жооп изделген. Авторлордун пикиринде аныкталган жооптун мектепте канчалык деңгээлде орун алып жатканын билүү үчүн, бүгүнкү күндө мектеп мугалимдеринин колдонулуучу инновациялык ыкмаларды окутуунун салттуу ыкмалары менен айкалыштыруу маселесинедеги иш аракеттерине сурамжылоонун негизинде анализ берүүнү максат кылып изденүү жүргүзүлгөн жана жыйынтыгы берилген.*

***Негизги сөздөр:*** *активдүүлүк, окутуунун технологиясы, билим берүү стандарты, предметтик стандарт, инновация, салттуу окутуу, окуу процесси, баалоо, маалыматтык компетенттүүлүк, чыгармачылык.*

*Настоящая время, когда правительство Кыргызской Республики улучшила поддержку учителей за деятельность, оценила работу и отметила что будущее нашей страны на прямую зависит от профессионализма учителей. В этой статье отмечается о том, что качественное преподавание учителей зависит от способности освоении различных новых и старых технологии обучения. А также соответствии нового государственного образовательного стандарта был изыскан ключ к ответу какова порог направления преподавания и рычаг преподавания. По мнению авторов, чтобы выяснить насколько сегодня вселяет этот ответ в школе учителях, был проведен опрос для анализа целю эффективности работы школьных учителей в сочетании применении инновационных методов обучения с традиционными методами обучения.*

***Ключевые слова:*** *активность, технология обучения, образовательные стандарты, предметный стандарт, инновация, традиционное образование, учебный процесс, оценка, информационная компетентность, креативность деятельность.*

*The Government of the Kyrgyz Republic to support the efforts of teachers and improve the event. With it, the future of the country and according to the actions of teachers, teachers' professional directly dependent. This article is a good quality education teacher training in various new and old technologies knows to be displayed. As well as the threshold of a new step in the field of training in accordance with state educational standards and learning to identify key leverage or searched. In response to the opinion of the authors determined the extent to which the school used to know that, today, from schoolteachers to combine traditional teaching methods and innovative approaches to social activities, based on a survey conducted research goal of the analysis and results.*

***Key words:*** *activity, teaching technology, education standards, subject standard, innovation, traditional education, learning process, assessment, information competence, creativity.*

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинде компетенттүүлүк моделине негизделген жаңы муундагы жалпы билим берүү стандарты иштелип чыгып, талкууга алынып, ал мектептерге ишке ашырууга жөнөтүлгөн [1]. Тактап айтканда 2018-2019-окуу жылында 5-6-класстагы окуучуларды жаңы муундагы билим берүү стандартынын негизинде окутуу башталган, ал эми 2019-2020-окуу жылында жогорку класстарда, б.а. табигый предмет-

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



терди (физика, химия, биология, география) мектептерде компетентүүлүккө багыттап окутууну ишке ашыруу милдети коюлду.

Биздин буга чейинки изилдөөбүздө мектептеги табигый-математикалык предметтерден сабак берген мугалимдердин жаңы муундагы мамлекеттик билим берүү стандартынын жана предметтик стандарттарынын маани мазмунун менен таанышкандыктарын жана аны аткарууга болгон мектеп мугалимдеринин даярдыктарына анализ жүргүзгөнбүз. Бул маселе боюнча биздин изилдөөбүз мугалимдердин окуучуларды компетенттүүлүккө багыттап окутууга али толук даяр эмес экендигин билдиргенбиз [2]. Ошондой эле окуучуларды компетентүүлүккө багыттап окутууда “салттуу” жана “инновациялык” ыкмаларынын таасирдүүлүгүн аныкталган [3].

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү мугалимдердин иш аракетин колдоону жакшыртып бара жаткан учуру, мугалимдердин эмгек акысын 30 пайызга жогорулатты. Бул аз дагы болсо билим берүүнүн сапатын жогорулатууга таасирин тийгизиши мыйзам ченемдүү көрүнүш. Мында Өкмөт башчысы мугалимдердин ишине баа берүүдө мындай деген [4, 2-б.]: “Жаңы замабап мектептер курулуп, мугалимдердин айлык акысы көбөйгөнү менен, мугалим өз ишине толук бойдон берилбесе, билим берүүдөгү кырдаал жакшырып кетпейт. Мугалимдердин кесипкөйлүгүнөн өлкөбүздүн келечеги көз каранды. Балдарыбызга кандай билим берсеңер, мамлекетибиз ошондой болот” – деп белгилеген. Демек сапаттуу билим берүү мугалимдердин иш аракетинен, чыгармачылык дымагынан жана окутуунун ар кандай *жаңы* жана *эски* технологиясын өздөштүрүп колдоно билгендигинен түздөн-түз көз каранды деп айтсак жаңылышпайбыз. Анда жаңы мамлекеттик орто билим берүү стандартынын талабына ылайык окутуу үчүн мугалимдердин иш аракетинин *багыты* кандай болуусу керек деген суроо жаралбай койбойт. Ошондуктан жаңы мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык окутуунун багытындагы кадамдардын босогосун аныктап алуу туура болот деген ишенимдебиз.

Кыргыз Республикасында жалпы орто билимдин мамлекеттик билим берүү стандартындагы *негизги* (универсалдуу, чечүүчү) компетенттүүлүктүн үч негизги элементтери болгон: *маалыматтык, социалдык-коммуникативдик,* жана *өз ишин уюштура билүү* жана *маселени чече билүү* бөлүктөрүнүн чечмелөөсүн дыкат окуп анализдеп көрсөк алардын бардыгында окуучулардын өз алдынча иштөөсүнө басым жасалганы көрүнүп турат. Ошонун негизинде жогорудагы жазылгандарды анализдеп олтуруп жаңы муундагы стандарттын талабына ылайык окутуунун *эшиги же босогосу – бул окуучуларды, ар кандай окутуунун технологиясын колдонуунун натыйжасында аларды өз алдынча окуганга үйрөтүү деген бекем ишенимге келдик.* Аны үчүн окуучуларды өзүң окуп үйрөн деп тапшырма берүү менен эмес, мугалимдин *систематикалык жетекчилиги* менен окуудагы өз алдынча чыгармачылык иш аракеттеринин натыйжасына жетишүү менен жүрүшү мүмкүн экендигин белгилейбиз.

Окуучуларды өз алдынча окуганга үйрөтүүдө салтуу окутуу технологиясында колдонулуучу ыкмалар жетиштүү натыйжаларды бериши мүмкүн деп аны жактоочулардын саны дагы арбын. Көрсөтүлгөн макаланын автору [5, 45-б.]: “Биз азыркыга салыштырып Советтик доорду эске салсак, билим берүү системасынын бир топ жакшы жетишкендиктерин, ийгиликтерин көрө алабыз” - деген. Анткени бүгүнкү күнү, азырынча айылдык мектептерде салттуу ыкмаларды колдонгон мугалимдер көпчүлүктү түзүшөт. Ошол эле учурда инновациялык ыкма салттуу окутуу ыкмаларын сүрүп чыгаруусу керек деген пикирдеги ойлор илимий макалаларда жарыяланып жатканы маалым [6,7]. Бул салтуу жана инновациялык окутуу технологияларын жактоочулардын ой пикирлерин салыштырып анализдөө менен биз коюлган суроого жооп издедик. Биздин оюбузча жаңы муундагы стандарттын талабына ылайык окутуунун *рычагы*, б.а. *ачкычы* бул “*салттуу”* жана*“инновациялык*” ыкмаларды айкалыштыра колдоно билүүгө жетишүү деген ишенимдебиз.

Биз айтылган пикирибиздин мектепте канчалык деңгээлде орун алып жатканын билүү үчүн бүгүнкү күндө мектеп мугалимдеринин мектептерде колдонулуучу инновациялык ыкмаларды окутуунун салттуу ыкмалары менен айкалыштыруу маселесине мугалимдердин иш аракеттерине сурамжылоонун негизинде анализ берүүнү максат кылып изденүү жүргүздүк жана анын жыйынтыгы ушул макалада берилди. Сурамжылоого катышкан мугалимдердин эмгек стажы жана предметтик катышы боюнча маалымат 1-таблица берилди.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



*1-таблица*

**Сурамжылооо катышкан мугалимдердин эмгек стажы боюнча бөлүнүшү**

| Эмгек стажынын жылы | Предметтик мугалимдер жана алардын саны | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Физик-19 | Химик-20 | Биолог-24 | Географ-16 | Математик-47 | Жалпысы-126 |
| 3 жылга чейин | 4 | 2 | 1 | 1 | 4 | 12 |
| 3-8 жыл | 1 | 1 | 2 | 2 | 9 | 15 |
| 9-16 жыл | 5 | 3 | 10 | 4 | 9 | 31 |
| 17 жылдан ашык | 9 | 14 | 11 | 9 | 25 | 68 |
| Союздун мугалимдери, % менен | 47 % | 70 % | 46 % | 56 % | 53 % | 54 % |

Предметник мугалимдердин саны боюнча айтсак физик мугалимдери - 19, химик мугалимдери - 20, биолог мугалимдери - 24, географ мугалимдери - 16 жана математик мугалимдери - 47 болушту.

Экинчиден бизди кызыктырган маселе бул мектептеги аял жана эркек мугалимдердин катышы болду. Анткени мектептерде эркек мугалимдердин болушу билим берүүдө жана тарбялоодо башкача атмосфераны түзүшү мүмкүн экендиги айтылып келет. Өнүккөн өлкө Японияда мектепте эркек мугалимдердин санын 50 пайыздан көп болуу саясаты бар экендиги белгилүү болууда. Сурамжылооого катышкан мугалимдердин аял, эркек боюнча катышы 2-таблицада берилди.

*2-таблица*

**Сурамжылооого катышкан мугалимдердин аял, эркек болуп бөлүнүшү**

| Мугалимдердин бөлүнүшү | Предметтик мугалимдер жана алардын саны | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | **Физик-19** | **Химик-20** | **Биолог-24** | **Географ-16** | **Математик-47** | **Жалпысы-126** |
| Аялдар | 14 | 19 | 20 | 12 | 43 | 108 |
| Эркектер | 5 | 1 | 4 | 4 | 4 | 18 |
| Эркектердин проценти, % | 26,3 | 5,0 | 16,6 | 25,0 | 8,5 | 16,6 |

Экинчи таблицага көз жүгүртүү менен сурамжылоого катышкан мугалимдердин 16,6 пайызы эркек мугалимдер экенин көрүүгө болот. Ал катыш физикада - 26,3 пайыз, химияда - 5,0 пайыз, биологияда - 16,6 пайыз, географияда - 25,0 пайыз, математикада 8,5 пайыз болушту. Айрыкча химия, математикада эркек мугалимдердин саны 10,0 пайызга жетпей калганын көрүүгө болот. Муну изилдөөнүн өзүнчө объектиси катары кароого болот.

Изилдөөнүн кийинки милдеттерине ылайык мектептерде колдонулуучу инновациялык ыкмаларды окутуунун салттуу ыкмалары менен айкалыштыруу маселесине мугалимдердин иш аракеттерине анализ берүүгө карата биринчи жана экинчи суроону мугалимдерге узаттык. Бул суроо боюнча мугалимдердин берген жооптору 3 жана 4-таблицада берилди.

**1-суроо.** *Сиздин оюңузча «иновациялык» ыкмаларды «салттуу сабак өтүү ыкмалары» менен айкалыштырууга болобу же болбойбу?*

*А) Салттуу сабак өтүү ыкмалары менен айкалыштырууга болбойт*_____.

*Б) Мен жооп берүүгө даяр эмесмин.* __________

*В) Аларды айкалыштырууга болбойт, жөн гана кезектештирип колдонууга болот*______.

*Г) Айкалыштырууга болот. Мисалы,* ***мен*** *(өзүңдүн тажрыйбаң бар болсо кыскача жазыңыз).*

Айкалыштырууга болбойт деген консервативдик көз караштагы мугалимдер 7,9% түзүштү. Бул суроого жооп берүүгө даяр эмес мугалимдер 26% түзүштү. Бул сурамжылоо боюнча инновациялык ыкмаларды айкалыштырбай эле аны өзүнчө колдонууга болот деп багыт алгандар көпчүлүктү түзүп, алар жалпы сурамжылооого катышкан мугалимдердин 36%, ал эми айкалыштырууга болот дегендер 30% пайызды түзүштү.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 5, 2020

*3-таблица*

**Салттуу жана инновациялык ыкмаларды айкалыштыра алуу пикири боюнча бөлүнүшү.**

| Айкалыштыруу ой-пикирлери | Предметтик мугалимдер жана алардын саны | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Физик-19 | Химик-20 | Биолог-24 | Географ-16 | Математика- 47 | Жалпысы-проценти, % |
| Айкалыштырууга болбойт | 2 | 2 | - | 2 | 4 | 10 - 7,9 % |
| Мен жооп берүүгө даяр эмесмин | 3 | 10 | 7 | 1 | 12 | 33 - 26,0 % |
| Айкалыштырууга болбойт, кезектештирип колдонууга болот | 8 | 3 | 8 | 5 | 21 | 45 – 36,0 % |
| Айкалыштырууга болот | 6 | 5 | 9 | 8 | 10 | 38 – 30,0 % |

**2-суроо.** *Инновациялык ыкмаларды салттуу сабактын кайсы түрүнө кошо ийгиликтүү колдонууга болот деп ойлойсуз? (бирөөсүн же бир нечесин «Ооба-V» менен белгилесең болот).*

*А) Салттуу колдонуп жүргөн «аралаш» сабакта* ____________

*Б) Салттуу колдонуп жүргөн «бышыктоо» сабагында* ____________

*В) Жыйынтык, текшерүүчү (контролдоочу) сабакта* __________

*Г) Лабораториялык сабакта.* ___________

*Д) Практикалык (семинардык) сабакта.* ______

*Е) Эч кайсынысы менен кошо колдонбой аны өзүнчө колдонуу.* _______

Экинчи суроо боюнча мугалимдердин ой-пикири 4-таблицада берилди.

*4-таблица*

**Инновациялык ыкмаларды салттуу ыкмалар менен биргеликте колдонуу боюнча мугалимдердин ой пикири**

| Салттуу сабак түрлөрү | Предметтик мугалимдер жана алардын саны | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | **Физик-19** | **Химик-20** | **Биолог-24** | **Географ-16** | **Математик-47** | **Жалпысы-126** |
| Кадимки аралаш сабакта. | 9 | 13 | 17 | 11 | 32 | 82 |
| Бышыктоо сабагында. | 10 | 9 | 14 | 9 | 33 | 75 |
| Жыйынтык, текшерүүчү сабакта | 8 | 4 | 6 | 6 | 7 | 31 |
| Лабораториялык сабакта | 5 | 6 | 6 | 4 | 2 | 23 |
| Практикалык сабакта | 7 | 7 | 7 | 6 | 9 | 36 |
| Инновациялык ыкманы өзүнчө колдонуу. | 2 | 4 | - | - | 5 | 11 |

Бирөөсүн же бир нечесин белгилөөгө мүмкүн болгондуктан мугалимдер инновациялык ыкмаларды ар кайсы сабактын элементине кошо колдоно алуу мүмкүн деген пикирде өздөрүнүн ойлорун айта алышты. Ошондуктан мында бир мугалимдин, бир пикирин укпастан мугалимдердин инновациялык ыкмаларды салттуу ыкмаларга кошо колдонуу жыштыгы жөнүндө маалымат болду. Сурамжылоого катышкан мугалимдердин ой-пикири боюнча инновациялык ыкмаларды кадимки салттуу колдонууга көнүп калган аралаш сабактын структурасына кошо колдонууга болот дегендер 82 мугалим болду. Алар жалпы сурамжылоого катышкан мугалимдердин 65 пайызын түзүштү. Бышыктоо сабагында колдонуу деле өз натыйжасын берет деген пикирде болгон мугалимдер андан кийинки орунду ээлеп, алар 60 пайызды түзүштү. Ошондой эле 36 мугалим инновациялык ыкмаларды практика сабактарында колдонууга болот деген ой-пикир билдиришти, алар 28,5 пайызды түзүштү. Негизги белгилей кете турган нерсе, сурамжылоого катышкан мугалимдердин инновациялык ыкмаларды салттуу ыкма менен колдонбостон аны өзүнчө колдонуу керек дегендер 11 гана мугалим болуп, алар жалпы сурамжылоого катышкан мугалимдердин болгону 8,7 пайызын гана түзүштү. Биринчи суроодогу айкалыштырууга болот деп ага карат өз оюн билдирген 17 мугалим төмөнкүдөй ойлорун айтышты. Кашаанын ичине кайсы предметтик мугалим экендиги жазылды.

- Өтүлгөн жаңы теманы бышыктоодо инновациялык ыкмаларды колдонуу ыңгайлуу, убакыт жетиштүү болот (географ).

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



- Бүгүн салттуу ыкма менен инновациялык ыкмаларды айкалыштыруу актуалдуу деп ойлойм. Аны үчүн сабакты комбинированный кылуу керек (географ).

- Мен жаңы темаларды салттууу ыкма менен өтөмүн, анан бышыктоого келгенде окуучуларды топ-топко бөлүп сурап, тапшырма беремин (географ).

- Мен жаңы теманы өтүп бүткөндөн кийин бышыктоого келгенде текст менен иштетип бышыктоого өтөмүн (географ).

- Лабораториялык сабакта суроолор менен иштеп, жандуу объектилерди демонстрациялаcак болот (биолог).

- Салттуу сабак өтүп жатканда ылайыктуу жеринде инновацияны колдоно кетем (биолог).

- Айкалыштыруу үчүн салттуу сабактын структурасын өзгөртүү керек. Ошондо гана айкалыштырууга болот (биолог).

- Окуучунун жана мугалимдин жөндөмдүүлүгүнө жараша болот. Мугалим чыгармачыл болуусу керек жана окуучулардын билим алуудагы өнүгүү деңгээлине байланыштуу болот (биолог).

- Бышыктоо учурунда гана айкалыштыра алам. Анткени бышыктоо убагында суроону жеке окууудан сурабастан топ-топ кылып бөлүп ошолорго суроо берүү менен колдоном (физик).

- Салттуу сабактын ичинде деле жуп менен жана жекече иштөөгө болот (физик).

- Мугалимдин изденүүсү зарыл болуп калды. Ар кандай маалыматтарды таап, ар бир сабактын ыңгайына жараша колдонууга аракет кылам (физик).

- Сабак өтүүдө анын структурасындагы ирettүүлүгүнө өзгөрүүлөр болушу керек, ошондо айкалыштырууга болот (химик).

- Аралаш сабакты мультмедиа аркылуу өтүп, жаңы теманы түшүндүрүп анан бышыктоо учурунда окуучуларды топ-топко бөлүп суроо берүү менен бышыктоо өткөрсө болот (химик).

- Салттуу сабакты активдүү формага өткөрүү менен жаңы теманын суроо-жооп, маяктешүү менен өтүп, анан бышыктоодо топ-топко бөлүү менен айкалыштырса болот (химия).

- Мен сабак өтүүдө салттуу жана инновациялык ыкмаларды кезектештирип гана колдона алам (математик).

- Мен инновациялык ыкмаларды сабактын алдында, жыйынтыктоодо жана үй тапшырасын суроодо окуучуларды топ-топко бөлүү менен колдоном (математик).

- Сабак өтүүдө анын структурасындагы иреттүүлүгүнө өзгөрүүлөр болушу керек, ошондо айкалыштырууга болот (математик).

Бул сурамжылоодон биз төмөнкүдөй жыйынтык айтууга болот.

1. Мугалимдердин инновациялык ыкмаларды салттуу сабактын ар кандай түрлөрүнө кошо колдонууга багыт алганын билүүгө болот.

2. Салттуу ыкмаларды инновациялык ыкмаларга айкалыштырууга болот, деп ишенимдүү айта алган мугалимдер 30 пайызды гана түзүштү. Демек бул боюнча ар кандай методикалык жардамдарды берүү менен аларга айкалыштуруга боло турганын далилдөө зарылдыгын көрүүгө болот.

3. Экинчи жагынан кандай ыкмаларды салттуу сабактын кайсы бөлүгүндө колдонууга боло турганын практикалык иш аракетте далилдеп көрсөтүү керек деген ойдобуз.

**Адабияттар:**


1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы №403 токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын жалпы орто билим берүүнүн Мамлекеттик стандарты». - Бишкек, 2014. - 32-б.
2. Курманкулов Ш.Ж., Жороев А.К. Жаңы муундагы билим берүү стандартынын талабына ылайык окутуу өнүтү. // Известия вузов Кыргызстана, №8.- 2019. - С. 68-73.
3. Курманкулов Ш.Ж., Бешкемпирова В.К. Окуучулардын табигый-математикалык предметтерди окууга болгон активдүүлүгүн жогорулатуу ыкмаларынын рейтинги. // Наука и новые технологии и инновации Кыргызстана. - №10. - 2019. - С. 45-48.
4. Абылгазиев М. Ар бир өнүккөн мамлекеттин өзөгү – сапаттуу билим берүү. // Кут билим №47. - 2019. - 2-б.
5. Алиева Д.Ш., Сагымбекова Д.С. Бүгүнкү билим берүү системасындагы орчундуу маселелер. // Вестник ИГУ имени К. Тыныстанова, №26. -2010. - 2-часть . - С.43-47.
6. Асанбекова Ч.А., Куренкеев Т.К. Азыркы мезгилдин талабы боюнча билим берүүнүн сапатынын негизги өзгөчөлүктөрү. // Известия вузов Кыргызстана №4.- 2017. - С. 95-97
7. Жолборсова А. Информационно-коммуникативные технологии в образовательном процессе. // Ж.Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы. Атайын чыгарылыш. - 2017. - С. 146-148.